**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

2015-жылдын 15-сентябрында
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү
жана илим министирлигинин
№1179/1
буйругу менен бекитилген

# ЖОГОРКУ ПРОФЕССИОНАЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**580100 "Экономика" багыты**

**Академиялык даража: Бакалавр**

**Бишкек-2015**

580100 “Экономика” багыты боюнча учурдагы стандарт экономика тармагындагы билим берүү боюнча базалык ЖОЖ болгон М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин алдындагы Окуу-усулдук бирикмеси тарабынан иштелип чыккан

**ОУБнын төрөгасы** _____________________ **Асизбаев Р.Э.**

## 1. Жалпы жобо

**1.1.** Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана КРнын билим берүү тармагынын башка нормативдик-укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги тарабынан 580100 "Экономика" багыты боюнча жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген.

Бакалаврды даярдоо боюнча алардын уюштуруу – укуктук нормасына карабастан, учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандартынын аткарылышына, профессионалдык билим берүү программасын ишке ашырууга бардык ЖОЖдор милдеттүү.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.** Жогорку профессионалдык билим берүүнүн учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык, терминдер жана аныктамалар, жогорку профессионалдык билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык документтер (иш кагаздар) белгиленген тартипте Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынат.

- **Негизги билим берүү программасы** – окуу-усулдук документтердин жыйындысы, тартипке салуучу максаттар, күтүлгөн жыйынтыктар, даярдоо багытты боюнча туура келген билим берүү процессин ишке ашырууну уюштуруу жана мазмуну;
- **Даярдоо багыты** – фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгынын негизинде интеграциялоочу ар тараптуу профилдеги (адистерди, бакалавр жана магистрлерди) жогорку профессионалдык билимдүү кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программасынын бирдиктүүлүгү;
- **Профили** – дал келген профессионалдык ишмердүүлүктүн обьектиси же түрүнө болгон негизги билим берүү программасынын багыттуулугу;
- **Тармактар мерчеми** – окуунун, тарбиянын бекитилген максаттарына жана жыйынтыктарына байланыштуу белгилүү бир логикалык аяктоосу бар билим берүү программасынын бөлүгү же окуу сабактарынын бирдиктүүлүгү;
- **Модуль** – окуунун, тарбиянын бекитилген максаттырына жана жыйынтыктарына байланыштуу белгилүү бир логикалык аяктоосу бар окуу сабагынын бир бөлүгү;
- **Компетенциясы** – туура келген тармактагы профессионалдык ишмердүүлүктө сабак үчүн зарыл болгон жеке сапатынын ийкемдүүлүгү, билимдүүлүгү, устаттыгы жана тажрыйбалуулугу;
- **Бакалавр** – негизги билим берүү программасына ылайык 4 жылдан кем эмес нормативдик мөөнөттөгү жогорку профессионалдык билимди ийгиликтүү өздөштүргөн адамга аттестациянын жыйынтыгы боюнча берилүүчү академиялык даража жана аны алгандар кесиби боюнча иш алып бара алат же шайкеш келген багыты боюнча "магистр" деген академиялык даражаны алуу үчүн окуусун уланта алат.
- **Магистр** – негизги билим берүү программасына ылайык 2 жылдан кем эмес нормативдик мөөнөттөгү жогорку профессионалдык билимди ийгиликтүү өздөштүргөн адамга аттестациянын жыйынтыгы боюнча берилүүчү академиялык даража жана аны алгандар кесиби боюнча иш алып барууга укуктуу же аспирантурада окуусун уланта алат.
- **Зачеттук бирдик** (кредит, насыя) – негизги профессионалдык билим берүү программасынын шарттуу өлчөмдөгү эмгек көлөмү.

• **Окуунун жыйынтыгы**– негизги билим берүү программасы (модулу) боюнча окуунун жыйынтыгында алган компетенция.

**1.3. Кыскартуу же белгилөө.** Учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү кыскартуулар колдонулат:

**МБС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖПБ** – жогорку профессионалдык билим берүү;
**НБП** – негизги билим берүү программасы;
**ОУБ** – окуу – усулдук бирикме;
**НБП ТМ** – негизги билим берүү программасынын тармактар мерчеми;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенция;
**ИК** – инструменталдык компетенция;
**ПК** – профессионалдык компетенция;
**СИЖМК** – социалдык – инсандык жана жалпы маданий компетенция.

## 2. Колдонуу тармагы.

**2.1.** Учурдагы Жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖПБ МБС) 580100 “Экономика” багытындагы бакалаврды даярдоо боюнча негизги билим берүү программасын милдеттүү түрдө ишке ашырууда нормалардын, эрежелердин жана талаптардын бирдиктүүлүгүн көрсөтөт жана окуу уюштуруучу-усулдук документерин иштеп чыгуу үчүн, Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы бар же мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн уюштуруучу-укуктук формаларына карабастан бардык билим берүү уюмдары жогорку профессионалдык билим берүүчү жайлардын (мындан ары ЖОЖдор) негизги билим берүү программасын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет

**2.2.** 580100 “Экономика” багыты боюнча ЖПБнүн МБСнын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- администрация жана ЖОЖдун илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өзүнүн окуу жайынын иштелмелери үчүн жоопкерчиликтүү адамдар, адистиктин багыты жана даярдоо деңгээли боюнча техникалык жана социалдык чөйрөнүн, илимдин жетишкендигин эсепке алуу менен негизги профессионалдык билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашыруучулар жана жаңыртуучулар;
- студенттер, адистиктин багыты жана даярдоо деңгээли боюнча ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликтүү адамдар;
- кесиптик ишмердүүлүккө шайкеш келген чөйрөдөгү адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү борбордук, мамлекеттик органдардын аткаруу бийлигинин тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программасын иштеп чыгууну камсыз кылуучу кеңеш жана окуу-усулдук бирикме;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоо жагын камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;
- жогору кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдуулуктун сакталышы үчүн текшерүүнү камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү аттестация, аккредитацияны жана сапатты текшерүүнү иш жүзүнө ашыруучулар;

- багыт боюнча даярдоону ишке ашыруучу жогорку окуу жайлар жана багыттарды даярдоодо тандоо тууралуу чечим кабыл алуучу абитуриенттер;

2.3. Абитуренттердин даярдык деңгээлине болгон талап.

2.3.1. Орто жалпы билими же орто кесиптик (жогорку кесиптик) билими бар "бакалавр" академиялык даражасын алуу менен бирге жогорку кесиптик билим алууга талаптанган абитуренттин билим деңгээли.

2.3.2. Абитуренттин мамлекеттик үлгүдөгү жалпы орто билими же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билими тууралуу документи болуш керек.

2.3.3. Искусство жана дене тарбия тармактарындагы бакалаврларды даярдоого кабыл алуу учурунда ЖОЖдун кесиптик багыт боюнча кошумча кирүү сынагын өткөрүүгө укугу бар.

## 3. Даярдоо багытынын жалпы мүнөздөмөсү.

3.1. Кыргыз Республикасында 580100 "Экономика" багытын даярдоо боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- ЖПБнүн НБПсы боюнча бакалаврларды даярдоо;
- ЖПБнүн НБПсы боюнча магистрлерди даярдоо;

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖПБнүн НБПсын толугу менен өздөштүргөн жана бекитилеген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" академиялык даражасын ыйгаруу менен бирге жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖПБнүн НБПсын толугу менен өздөштүргөн жана бекитилеген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө "магистр" академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

3.2. Күндүзгү окуу формасы боюнча жалпы орто же орто кесиптик билими барлар үчүн 580100 "Экономика" багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖПБнүн НБПсын өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү 4 жылды түзөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу жана сырттан окуу формасы, ошондой эле ар түрдүү окуунун формасын айкалыштырган дистанттык билим берүү технологиясын колдонуу боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖПБнүн НБПсын өздөштүрүү мөөнөтү ЖОЖ аркылуу, бекитилген нормативдик күндүзгү окуу формасынын өздөштүрүү мөөнөтүнө салыштырмалуу бир жылга узартылат.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодо ЖПБнүн НБПсын өздөштүрүүнүн башка нормативдик мөөнөтүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет.

3.3. Бакалаврларды даярдоо ЖПБнүн НБПсын өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү 240тан кем эмес зачеттук бирдикке (кредитке) барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча ЖПБнүн НБПнын эмгек көлөмү окуу жылы үчүн 60тан кем эмес зачеттук бирдикке (кредитке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек көлөмү 30 зачеттук бирдикке (кредитке) барабар. (окуу процессинин эки семестрлик түзүлүүсүн алганда).

Бир зачеттук бирдик (кредит) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын аудиториялык, өз алдынча иштөөсүн жана бардык аттестациялык түрүн кошкондо)

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасы боюнча НБПсынын ошондой эле, ар тараптуу окутуунун шайкештигине болгон дистанциялык (аралык окутуу) билим берүү технологиясын колдонуунун эмгек көлөмү бир окуу жылга 48тен кем эмес зачеттук бирдикти (кредит) түзөт.

3.4. Окутуу жана тарбия берүү тармактарында 580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча ЖПБнүн НБПсынын максаты.
3.4.1. Окутуу тармактарында 580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча ЖПБнүн НБПсынын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет;

Гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый билимдин негизинде тармактарда даярдоо, бакалаврлардын деңгээлинде жогорку профессионалдык тармакта билим алуу, бүтүрүүчү тандаган ишмердүүлүк чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеп кетүүгө мүмкүнчүлүк берүү, профилдештирилген ар тараптуу компетенцияга ээ болуу, ага социалдык мобилдүүлүккө жана эмгек рыногундагы туруктуулукка мүмкүндүк берүү;

Экономика бакалаврын алып чыккан адис ишкананын же уюмдун ар түрдүү тармагындагы жана жеке менчик формасындагы экономикалык кызматта, административдик кызмат ордундагы ишке, орто жана орто кесиптик окуу жайлардын окутуучулук ишмердигине, жогорку экономикалык билим базасын талап кылган республикалык жана муниципалдык деңгээлдеги мамлекеттик органдарда иштөө үчүн професионалдык ишке даярдалышы керек.
3.4.2. 580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча студенттерге тарбия берүү тармактарында ЖПБнүн НБПсынын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет: студенттердин социалдык-инсандык сапатынын түзүлүшү, максатка умтулгандыгы, уюштуруучулугу, эмгекти сүйө билүү, жоопкерчилиги, атуулдугу, коммуникативдүүлүгү, толлеранттуулугу, жогорку маданияттуулугу (ж.б.у.с.)
3.5.Бүтүрүүчүнүн профессионалдык ишмердүүлүк тармагы.
580100 “Экономика” багытында даярдоо боюнча бүтүрүүчүлөрдүн профессионалдык ишмердүүлүк тармагына төмөнкүлөр кирет:

- экономикалык, каржылык, маркетингдик, өндүрүштүк экономикалык жана ар түрдүү тармактагы, чөйрөлөрдөгү жана жеке менчик формалардагы уюмдардын аналитикалык кызматы:
- каржылык, насыялык жана камсыздандыруу мекемелери;
- мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдары;
- академиялык жана ведомстволук илимий-изилдөө уюмдары;
- жалпы билим берүүчү мекемелер, башталгыч кесиптик билим берүү мекемелери, орто кесиптик, жогорку профессионалдык жана кошумча кесиптик билим берүү мекемелери.

**3.6. Бүтүрүүчүнүн профессионалдык ишмердигинин объектиси .**
Бакалаврдын профессионалдык ишмердигинин объектиси болуп ээлик кылуучу агенттердин жүрүм-туруму, алардын чыгармалары жана жыйынтыктары, иштөөчү рыногу, каржылык жана маалыматтык агымдары, өндүрүштүк процесстери эсептелет.
**3.7. 580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча бакалавр төмөнкү профессионалдык ишмердүүлүктүн түрлөрү менен даярдалат:**

- эсептик-экономикалык;
- аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк,
- уюштуруучу-башкаруучулук;
- педагогикалык.

Негизинен бакалаврлар даярдалуучу кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрү жогорку окуу жай менен бирдикте билим алып жаткандар, ЖОЖдун илимий педагогикалык жамааты жана жумуш берүүчүлөр бирикмеси тарабынан аныкталат.
**3.8. 580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча бакалавр профессионалдык ишмердиктин түрлөрүнө ылайык төмөнкү профессионалдык тапшырмаларды аткарышы керек:**

эсептик-экономикалык ишмердүүлүк;

ээлик кылуучу субъектилердин ишмердүүлүгүн мүнөздөөчү социалдык-экономикалык көрсөткүчүнө эсептөө жүргүзүү үчүн берүүчү маалыматтарды даярдоо;

иш жүзүндөгү нормативдик-укуктук базаны эсептөө менен типтүү ыкманын негизинде экономикалык жана социалдык экономикалык эсептерди өткөрүү;

ишканалардын ар түрдүү менчик формалардын, уюмдардын, ведомстволордун пландарынын экономикалык бөлүмдөрүн иштеп чыгуу;

аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишмердиги;

зарыл болгон конкретүү экономикалык эсептерди жүргүзүү үчүн жыйымдар жана маалыматтардын анализи, алынган тапшырмалар боюнча маалыматтарды издөө;

коюлган милдеттер, талдоо, баалоо, алынган жыйынтыктырды, натыйжаларды интерпретациялоо жана жыйынтыктарды далилдөөгө ылайык экономикалык маалыматтардын массивин иштеп чыгуу;

профессионалдык ишмердик тармагына тиешелүү кубулуш жана объектилер, алынган жыйынтыктардын анализи жана интерпретация, стандарттык, теориялык жана эконометрикалык моделдерди изилдөө процесстерин ирееттөө;

социалдык-экономикалык кырдаалдарды мүнөздөөчү жана Россияда кандай болсо, чет өкөдө ошондой болгон микро (кичи) жана макро (чоң) деңгээлдик кубулуштун көрсөткүчүн интерпретациялоо жана талдоо;

маалыматтык баяндама, аналитикалык отчетторду даярдоо;

статистикалык изилдөө, сурак жүргүзүү, анкеттештирүү жана алардын жыйынтыктарынын баштапкы иштеп чыгуусун жүргүзүү;

профессионалдык ишмердик тармагында долбоордук чечимдерди иштеп чыгууга катышуу, иштелип чыккан долбоор жана программаларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды жана иш чараларды даярдоо;

уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк;

башкаруучулук чечимдердин варианттарын, социалдык-экономикалык натыйжалуулук критерийлеринин негизинде, коркунуч жана кабыл алынган чечимдердин социалдык-экономикалык жыйынтыгын эсепке алуу менен аларды тандоонун негизинде иштеп чыгууга катышуу;

тапшырылган иштин этабын аткарууну уюштуруу;

конкреттүү экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн топту жана чакан жамаатты ыкчам башкаруу;

экономикалык кызмат ишмердүүлүгүн өркүндөтүү жана ар түрдүү жеке менчик формасындагы ишканалардын бөлүмдөрү, уюмдар, укуктук, админстративдик жана башка чектөөлөрдү эсепке алгандагы ведомстволор жана башкарууну уюштуруу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга жана даярдоого катышуу;

педагогикалык ишмердүүлүк;

жалпы билим берүү мекемелеринде, баштапкы кесиптик, орто кесиптик, жогорку прфессионалдык жана кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде экономикалык сабактарды окутуу;

## 4. НБПсын ишке ашыруу шартындагы жалпы талаптар.

НБПсын ишке ашырууда ЖОЖдун укугуна жана милдетине болгон жалпы талаптар.

**4.1.1.** ЖОЖдор багыттар боюнча даярдоонун НБПсын өз алдынча иштеп чыгышат. Эмгек рыногунун керектөөсүн эсепке алганда Кыргыз

Республикасынын багыттарды даярдоо боюнча МБСтына ылайык НБПсы иштелип чыгат.

ЖОЖдор билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу кепилдиги боюнча сунуштарга таянуу менен илимдин, маданияттын экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөлөрдүн өнүгүүсүн эске алуу менен НБПсын жыл сайын жаңыртууга милдетүү. Алар төмөнкүлөр боюнча:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгууда;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялап, мониторингде көрсөтүүдө;
- макулдашылган так критерийлердин негизинде студенттердин билимин жана жөндөмүн, бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк деңгээлин баалоодо объективдүү жыйынтык чыгаруусун иштеп чыгууда;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык иштелип жаткан билим берүү программаларын, аларды колдонуунун натыйжалуулугун, анын ичинде окуп жаткандардан сурак жүргүзүү жолун текшерүү ресурстарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда;
- өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн - өзү изилдөө иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп туруудa.
- өзүнүн жаңычылдык пландарынын ишмердүүлүк жыйынтыктары тууралуу коомчулукка маалымат жеткирүүдө;

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын баалоодо алардын кезектеги, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы киргизилиши керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоо үчүн алардын өз алдынча жетишкендиктерин этап аркылуу бөлүү же алган билимдеринин деңгээлин жана илим жөндөмдүүлүгүн баалоочу типтүү тапшырмалар, текшерүү иштери, тесттер жана башка баалоочу каражаттардын базасын түзүүчү НБПсына ылайык жыйынтыктоочу акыркы талаптар аркылуу баалоо жүргүзүлөт.

Бүтүрүү квалификациялык ишинин көлөмүнө, мазмунуна жана түзүлүшүнө болгон талап, ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы жөнүндө" Токтомун эске алуу менен бирге жогорку окуу жай өзү аныктайт.

**4.1.3.** Бүтүрүүчүнүн социалдык жеке компетенттүүлүгүн түзүүдө НБПсын иштеп чыгууда ЖОЖдун мүмкүнчүлүгү аныкталышы керек (мисалы: социалдык бирге аракеттенүү компетенциясы, өз алдынча уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу, системалык- ишмердүүлүк мүнөзүндөгү). ЖОЖдор арасында социалдык – маданий чөйрөнү түзүүгө, студенттин ар тараптуу өнүгүшү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө ЖОЖ милдеттүү.

ЖОЖ, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компоненттин өнүгүүсүнө, студенттик өзүн-өзү башкаруу коомдук уюмдарынын иштерине, спорттук жана чыгармачыл клубдарга, студенттик илимий коомдорго катышуунун өнүгүшүнө жардам (мүмкүндүк) берүүгө милдеттүү.

4.1.4. Ар бир тармактык мерчемдин (ТМ) вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн кем эмес көлөмдөгү студенттердин тандоо боюнча сабагын ЖОЖдун НБПсы камтыш керек. Студенттердин тандоо боюнча сабактарын түзүү эрежесин ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши бекитет.

4.1.5. Окуу программасын түзүүдө студенттердин катышуу мүмкүнчүлүгүн ЖОЖ камсыз кылууга милдетүү.

4.1.6. НБПсын түзүүдөгү студенттин укуктары жана милдеттери менен ЖОЖ тааныштырууга, студенттер тарабынан тандалган сабактын эмгек өлчөмүнүн суммасы окуу планда каралган көлөмдөн кем болбостугун, алар үчүн сөзсүз түрдө экенин түшүндүрүүгө милдеттүү.
4.2. НБПсын ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар.
4.2.1. Студенттер окуу мезгилинин көлөмүндө НБПсында каралган конкреттүү сабакты тандоого, студенттер тарабынан тандалган окуу сабагын өздөштүрүүгө укугу бар.
4.2.2. Студент өзүнүн окуу жайынын билимин өнүктүрүүдө тандап алган сабагы боюнча анын келечектеги кесибине (адистигине) болгон таасири боюнча консультация алууга укуктуу.
4.2.3. Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенцияны өнүктүрүүнүн бөлүгү болгон НБПсын өздөштүрүү жыйынтыктарына жетүү максатында студенттер коомдук уюмдун иштерине, спорттук жана чыгармачыл клубдарга, студенттик илимий коомдорго студенттин өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүүнүн иштерине катышууга милдеттүү.
4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НБПсында каралган бардык тапшырмаларды бекитилген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.
4.3. Студенттин окуу жүгү, аудиториялык, аудиториядан сырткаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрүн кошкондо жумасына окуу жүгүнүн максималдык көлөмү 45 саат менен бекитилет. Күндүзгү окуу формасынын аудиториялык сабактарынын көлөмү жумасына, ЖПБнүн деңгээлинде жана даярдоо багытынын спецификасын эсепке алганда, ар бир окуу сабагын үйрөөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50% пайызынын чегинде, МБСты аныкталат.
4.4. Күндүзгү – сырттан (кечки) окуу формасынын аудиториялык сабагынын көлөмү жумасына 16 сааттан кем эмес болуш керек.
4.5. Сырттан окуу формасындагы студент окутуучу менен жылына 160 сааттан кем эмес көлөмдөгү сабакты камсыз кылышы керек.
4.6. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын кыш мезгилиндеги эки жумадан кем эмес убакытты кошгондо жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүш керек.

## 5. Бакалаврларды даярдоодо НБПсына болгон талап.

5.1. Бакалаврларды даярдоодо НБПсын өздөштүрүү жыйынтыктарына болгон талап.
580100 “Экономика” багытын даярдоо боюнча бүтүрүүчү, 3.4. жана 3.8 пункутунда көрсөтүлгөндөй профессионалдык ишмердиктин милдеттери жана НБПсынын максаттарына ылайык “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу боюнча ЖПБнүн МБСты төмөнкү компетенцияларды ичине камтыйт:

**а)** универсалдуу (ар тараптуу):

**- жалпы илимий (ЖИК)**

- курчап турган дүйнө жүзү тууралуу илимий билимдин бирдиктүү системасын билүү, жашоонун, маданияттын баалуулугун билүү жөндөмдүүлүгү (ЖИК-1);
- профессионалдык милдеттерди аткарууда экономикалык / математикалык / табигый / гуманитардык илимдердин базалык жоболорун колдонуу жөндөмдүүлүгү (ЖИК-2);
- заманбап билим берүүчүлүк жана маалыматтык технологияны колдонуу менен жогорку даражадагы өз алдынчалуулук аркылуу жаңы билимди алуу жөндөмдүүлүгү (ЖИК-3);

- салттык жана жаңычыл идеяларды түшүнүп, колдонуу жөндөмдүүлүгү, аларды ишке ашыруу жолдорун таба билүү жана базалык ыкмаларды жана изилдөө ишмердүүлүгүн пайдалануу менен долбоорлук иштерге катышуу. (ЖИК-4);
- илимде, техникада жана технологияда профессионалдык чөйрөдөгү социалдык-экономикалык жана маданий мааниси бар жаңы кубулуштарды талдоо жана баалоо жөндөмдүүлүгү (ЖИК-5);
- өзүнүн эмгегин илимий негизде баалоо жөндөмдүүлүгү, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын жогорку даражада өз алдынча баалоо (ЖИ-6);

**- инструменталдык (ИК)**;

- коюлган максаттын жана ага жетүү жолдорун тандоодо маалыматты кабыл алуу, жалпылоо жана талдоого жөндөмдүүлүгү (ИК-1);
- оозеки жана жазуу сөзүн мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык ыраттуулукта, аргументтүү жана түшүнүктүү түзө билүү жөндөмдүүлүгү (ИК-2);
- чет тилдерден бирди социалдык пикир алышуу деңгээлинде билүү(ИК-3);
- иштиктүү мамлени ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү: эл астына чыгып сүйлөө, сүйлөшүүлөр, кеңешмелерди өткөрүү, иштиктүү кат алышуу, электрондук коммуникация (ИК-4);
- маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу каражаттарды алуу жана негизги ыкмаларын билүү, глобалдык компьютердик түйүндөрдө жана бириктирилген маалыматтык системадагы маалыматтарды башкаруу каражаты катары компьютер менен иштөө жөндөмдүүлүгү (ИК-5);
- уюштуруучулук чечимдерди иштеп чыгууга катышуу жөндөмдүүлүгү (ИК-6);

**- социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция (СИЖМК)**;

- коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук нормалардын негизинде социалдык өз ара аракеттештирүүгө, адамдарга сый мамиледе болуу, башка маданиятка толеранттуулук, өнөктөштүк мамилени колдоого жөндөмдүүлүгү (СИЖМК-1);
- өзүнүн кадыр -баркына жана кемчиликтерине сынчыл көз карашта баа берүү, адеп-ахлагын өстүрүүнүн жолун билүү жана кемчиликтерин жоюуга жөндөмдүүлүгү (СИЖМК -2);
- атуулдук демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизиндеги сүйлөшүүлөргө жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы, жигердүү атуулдук позицияны ээле билүү жөндөмдүүлүгү ээлей билүү (СИЖМК -3);
-таза жашоо үчүн зарыл болгон жаратылышты коргоо жана ресурстарды туура пайдаланууда алган билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүгү; (СИЖМК-4);
- тармактар аралык долбоорлор менен жана жамаатта иштей алуу жөндөмдүүлүгү (СИЖМК- 5);

**б) Профессионалдык (ПК)**
**эсептик-экономикалык ишмердик.**

- ээлик кылуучу субьектилер ишмердигин мүнөздөөчү экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөдө зарыл болгон баштапкы маалыматтарды жыйноо жана талдоо жөндөмдүүлүгү (ПК-1);
- ээлик кылуучу субьектилер ишмердигин мүнөздөөчү экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү типтүү ыкманын жана

колдонулуп жаткан нормативдик- укуктук маалыматтын негизинде эсептөөгө жөндөмдүүлүгү (ПК-2);

- Эсептөө пландарынын экономикалык бөлүмдөрүн түзүүдө, кабыл алынган уюмдардагы стандартка шайкеш келген иштердин жыйынтыктарын сунуштоого жана негиздөөгө жөндөмдүүлүгү (ПК-3);

**аналитикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү**

- коюлган экономикалык милдеттерди чечүүгө зарыл болгон маалыматтарды жыйноо, талдоо жана иштеп чыгууну ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү (ПК-4);
- коюлган милдеттерге ылайык экономикалык маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн инструменталдык каражаттарды тандоо, алынган жыйынтыктарды эсептөөнүн жана негиздөөнүн натыйжаларын талдоо жөндөмдүүлүүгү (ПК-5);
- стандарттык – теориялык жана эконометрикалык моделдерди курууда экономикалык кырдаалдарды жана кубулуштарды баяндоонун негизинде алынган жыйынтыктарды талдоого жана мазмундуу айтып берүүгө жөндөмдүүлүгү (ПК-6);
- ар түрдүү жеке менчик формасындагы уюмдар, ведомстволордун, ишканалардын отчеттуулугун камтуучу каржылык, бухгалтердик жана башка маалыматтарды талдоого жана интерпретациялоого, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн алынган маалыматтарды колдонууга жөндөмдүүлүгү (ПК-7);
- социалдык – экономикалык кырдаалдар жана кубулуштар тууралуу ата мекендик жана чет өлкөлүк статистиканын маалыматтарын талдоого жана айтып берүүгө, социалдык – экономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү тенденциясын бөлүп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү (ПК-8);
- ата мекендик жана чет өлкөлүк маалымат булактарын колдонууга зарыл болгон маалыматтарды чогултуу жана аны талдоого, маалыматтык обзор же аналитикалык отчет даярдоо жөндөмдүүлүгү (ПК-9);
- аналитикалык жана изилдөөчүлүк тапшырмаларды чечүү үчүн заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык техникаларды колдонуу жөндөмдүүлүгү (ПК-10);

**уюштуруучулук башкаруу ишмердиги**

- конкретүү экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн чакан топтун ишмердигин уюштуруу жөндөмдүүлүгү (ПК-11);
- коммуникативдик тапшырмаларды чечүү үчүн заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык технологияларды колдонуу жөндөмдүүлүгү (ПК-12);
- башкаруучулук чечимдердин сунуш кылынган варианттарына сынчыл баа берүүгө, социалдык-экономикалык критерийлерди, социалдык-экономикалык натыйжанын коркунучун эсепке алуу менен аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жана негиздөөгө жөндөмдүүлүгү (ПК-13);

**педагогикалык ишмердүүлүк**

- ар түрдүү деңгээлдеги билим берүү мекемелериндеги программа жана окуу-усулдук материалдарды колдонуу менен экономикалык сабакты окутуу жөндөмдүүлүгү (ПК-14);
- экономикалык сабакты окуу-усулдук иштелме менен камсыз кылуу жана жакшыртуу иштерине катышуу жөндөмдүүлүгү (ПК-15);

**5.2. Бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын түзүлүшүнө болгон талаптар.**

Бакалаврды даярдоонун НБПсы төмөнкү окуу мерчемдерин үйрөнүүнү караштырат. (1-таблица):

Б.1. – гуманитардык, социалдык жана экономикалык мерчем;
Б.2.- математикалык жана табигый илимдер мерчеми;
Б.3.- профессионалдык мерчем;

**Бөлүмдөр:**

Б.4.- дене тарбия
Б.5.- практика илимий-изилдөөчүлүк иш
Б.6.- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

ЖОЖ тарабынан бекитилген ар бир сабактын мерчеми базалык (милдетүү) жана вариативдүү (профилдик) бөлүк болуп бөлүнөт. Вариативдүү (профилдик) бөлүк студенттин билим жөндөмдүүлүгүнүн кеңейишине жана терендешине мүмкүндүк берет, аныкталган базалык сабактардын мазмуну ЖОЖдон кийинки профессионалдык билим берүү программасы боюнча студент өзүнүн алган адистигине ылайык илимий даража алуу үчүн, профессионалдык ишмердиктин терең билимине жана устаттыгына ээ болот.

Вариативдүү (профилдик) бөлүк эки бөлүмдөн турат:
Жогорку окуу жайдык компоненттер жана студенттердин тандоосу боюнча сабактар.

| НБП ТМ нин коду | Окуу мерчемдери, бөлүктөрү жана аны өздөшүрүүдөгү долбоорлоочу жыйынтыктар. | Зачеттук бирдиктин эмгек көлөму | Болжолдуу программаны иштеп чыгуу үчүн сабактардын тизмеси, окуу китептери жана окуу куралдары | Компетенциялары түзүүчү коддор. |
|---|---|---|---|---|
| **Б.1.** | Гуманитардык, социалдык жана экономикалык мерчемдер | **36** | | |
| | Базалык бөлүк | **28** | | |
| | Базалык бөлүмдүн мерчемдерин үйрөнүү жыйынтыгында окугандар төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл:<br>**билүү:**<br>-инсан катары калыптануу шартында анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилиги;<br>-тарыхый жана регионалдык маданияттын түрүн, анын динамикасын, иш жүзүндөгү ар түрдүү | | Кыргыз тили<br>Орус тили<br>Чет тилдери<br>Ата Мекен тарыхы<br>Философия<br>Манастаануу | ЖИК- 1-3,<br>ИК 1-4,<br>СИЖМК 1-5,<br>ПК 9-15 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | маданий тармактардын негизги жетишкендиктерин, XX кылымдагы маданияттын жетишкендигин;<br>-тарыхый кырдаалдардын этаптары жана мыйзамченемдүүлүгү, дүйнөлүк жана ата мекендик экономикалык тарыхтын негизги окуялары жана кырдаалдары;<br>-негизги философиялык түшүнүктөр жана категориялар, жаратылыштын, коомдун жана ой жүгүртүүнүн мыйзамченемдүү өнүгүшүн;<br>**колдоно билүү:**<br>-өткөн тарыхка болгон баалуу мамилеге тиешелүү суроолор боюнча өзүнүн көз карашын далилдеп жана айта билиш керек;<br>-адамдын жашоосунда жана коомдогу орду менен ролун, маданияттын маңызын мүнөздөй билүү;<br>-кептик байланыштын тиги же бул формасындагы тексттерди редакциялоону;<br>-адистик боюнча адабияттардын түп нускасы менен иштөөнү;<br>-сөздүк менен иштөөнү (транскрипцияны (ариптердин системасы) окууга, сөздүн тике жана кыйыр маанисин ажырата билүү, фразеологиялык (сөз айкаштарды) бирдиктин маанисин табуу).<br>-дүйнөлүк тарыхый кырдаалдарды түшүнө билүү, коомдо болуп жаткан кубулуштарды жана кырдаалдарды | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | талдай билүү.<br>-интеллектуалдык өнүгүү үчүн ыкмаларды жана каражаттарды колдоно билүү, маданий деңгээлди, профессионалдык компетентин жогорулатуу.<br>-кесиптик ишмердикте жана адамдар арасында мамиле түзүүдө чет тилди колдоно билүү;<br>**айта билүү:**<br>-философиянын (ар түрдүүлүгүн) бөтөнчөлүгүн билүү, маданияттагы анын ордун, дүйнөдөгү илимий, философиялык жана диний көрүнүштөрүн, адам жашоосунун маани-маңызын милдетин;<br>-инсандык калыптануу шарты тууралуу анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилигин;<br>-тарыхта жана адам баласынын жүрүм-турумундагы зордук-зомбулуктун же анын жоктугунун ролун түшүнүү, адамдын өзүнө же башкага болгон (нравалык) адеп - ахлактык жоопкерчилиги;<br>-турмуштук жана профессионалдык байланышта элдин алдына чыгып сүйлөөдө кептик ишмердикти колдоно билүү чеберчилиги;<br>-иштиктүү кат алышууда келишим, макулдашуу, патент формалары тууралуу билүү;<br>-башкаруучулук ишмердүүлүктө иш кагаздарын текстин даярдоо чеберчилигин билүү; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -адистиги боюнча чет тилдик терминологиянын негизин түшүнүү;<br>-адистик боюнча адабияттарды реферат жана анотациянын негизинде жаза билүү;<br>-тилдер аралык лингвистикалык байланыш ыкмасы менен өз алдынча текстти стилистикалык жактан түзө билүү чеберчилиги; | | | |
| | Вариативдүү бөлүк (билим, чеберчилик, жөндөмдүүлүк ЖОЖдун НБПсы аркылуу аныкталат. | **8** | | |
| **Б.2.** | **Математикалык жана табигый илимдер мерчеми (**)** | **34** | | |
| | **Базалык бөлүм** | **22** | | |
| | Базалык бөлүмдүн мерчемдерин үйрөнүү жыйынтыгында окугандар төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл:<br>**билүү;**<br>-математикалык анализдин негизги түшүнүгүн жана ыкмасын, сызыктык алгебраны, аналитикалык геометрияны, өзгөрмө комплекстүү функциянын теориясын, дискреттик математика, дифференциалдуу теңдеме, ыктымалдык теориясын жана математикалык статистиканы;<br>-так илимдеги жана техникадагы кырдаалды жана жөнөкөй системадагы математикалык моделди ;<br>-конкретүү кырдаалдар үчүн ыктымалдык модели жана моделдерди түзүүнүн чегинде зарыл эсеп-кысаптарды жүргүзө билүү;<br>-физика, химия, экология, теориялык жана эксперименттик изилдөө | | Математика, Информатика, Экология | ЖИК 1-6, ИК 4-6, ПК 1-6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ыкмаларын билүү;<br>-маалыматтар жөнүндө түшүнүгү, аны сактоо жана иштеп чыгуу жолдорун билүү;<br>-электрондук эсептөө машинасынын (ЭЭМ) түзүлүшүн, иштөө принциптерин жана негизги мүмкүнчүлүктөрүн билүү;<br>-негизги алгоритмдин түрлөрүн, өзүнүн профессионалдык ишмердигинде программалоо тилин жана стандарттык камсыздоону билүү;<br>-табият таануунун негизги өнүгүү этаптары, учурдагы табият таануу өзгөчөлүктөрү, ньютондук жана эволюциялык парадигмаларды билүү;<br>-мейкиндик жана мезгил концепцияларын билүү<br>-симметрия принциптерин жана сактоо мыйзамдарын билүү<br>-табият таануудагы динамикалык жана статистикалык мыйзам ченемдүүлүктү; билүү;<br>**колдоно билүү**:<br>-обьектилердин сандык жана сапаттык байланыштарын айтуу үчүн математикалык символикаларды (белгилерди) пайдалана билүү:<br>-моделдерди анын иерархиялык түзүлүштү эсептөө менен алынган жыйынтыктарды колдонуунун чегинде баалоону изилдөө;<br>-эксперименттик маалыматтарды иштеп чыгуунун негизги ыкмаларын колдонуу;<br>-эсептөө техникасы жана программалык | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | камсыздоонун мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билүү;<br>-табият таануунун ар түрдүү бөлүмдөрүнө мүнөздүү болгон чоңдуктун сандык ирээтин баалоо;<br>**айта билүү:**<br>-математикалык моделдештирүүнү колдоно айта билүү жөндөмдүүлүгү;<br>-бизнес - милдеттерди чечүү үчүн заманбап математикалык инструментарияны колдоно билүү жөндөмдүүлүгү;<br>-типтүү уюштуруучулук - башкаруучулук милдеттерди математикалык статистикалык жана сандык жолдор менен чечүү;<br>-маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу ыкмаларын колдонуу жөндөмдүүлүгү;<br>-Интернет-технологиянын негиздери жана иштиктүү маалыматтар менен иштөө үчүн программалык камсыздоону колдоно билүү; | | | |
| | Вариативдүү бөлүк (билим, чеберчилик, жөндөмдүүлүк ЖОЖдун НБПсы аркылуу аныкталат | **12** | | |
| **Б.3** | **Профессионалдык мерчем** | **148** | | |
| | **Базалык бөлүм** | **75** | | |
| | Базалык бөлүмдүн мерчемдерин үйрөнүү жыйынтыгында окугандар төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл:<br>**билүү:**<br>-заманбап учурдагы экономиканы функцияналдаштыруунун мыйзамченемдүүлүгүн макро жана микро деңгээлинде билүү; | | Макроэкономика<br>Микроэкономика<br>Дүйнөлүк экономика<br>Улуттук экономика<br>Каржы<br>Акчалар, насыялар, банктар | ПК 1-15 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -экономикалык теориянын жана прикладдык экономикалык сабактардын категориясынын жана инструменттеринин негизги түшүнүгүн билүү,<br>-жетекчи мектептин негизги өзгөчөлүктөрүн жана экономиканын илимдин багыттарын;<br>-экономикалык моделдердин обьектилерин, кубулуштарын жана кырдаалдарын түзүү ыкмасын;<br>-микро жана макро деңгээлдеги ээлик кылуучу субьектилердин ишмердигин мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдүн заманбап системасын эсептөө жана талдоону түзүүнүн негизин;<br>-кыргыз экономикасынын анын институционалдык түзүлүшүн, мамлекеттин экономикалык саясат багытынын негизги өзгөчөлүктөрүн;<br>**колдоно билүү:**<br>-микро жана макро деңгээлдеги экономикалык кубулуштар, кырдаалдар жана институттардын өз ара байланыштарын талдоону;<br>-конкретүү кырдаалды талдоодо экономикалык мүнөздөгү маселелерди алып чыгууну, социалдык – экономикалык натыйжалуулуктун критерийлерин эске алуу менен аларды чечүүчү жолдорду сунуштоону, боло турган социалдык - экономикалык натыйжанын коркунучун баалоону;<br>-экономикалык жана социалдык көрсөткүчтөрдүн колдонулуп жаткан | | Бухгалтердик эсеп<br>Салык жана салык салуу<br>Статистика<br>Маркетинг<br>Менеджмент<br>Экономикалык анализдөө | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | нормативдик- укуктук базасынын жана типтүү ыкмаларынын негизинде эсептөөнү;<br>-экономикалык, социалдык, башкаруучулук маалыматтардын булактарын колдоно билүү;<br>-ишкана, ар түрдүү жеке менчик формасындагы уюм, ведомсволордун ж.б.у.с. отчетторунда камтылуучу финансылык, бухгалтердик жана башка маалыматтарды талдоону жана интерпретациялоону (түшүндүрүп ачып берүүнү) жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн алынган маалыматтарды колдонууну;<br>-социалдык – экономикалык процесстер менен кубулуштар жөнүндө ата мекендик жана чет өлкөлүк маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоону, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү тенденцияларын алып чыгууну;<br>-экономикалык коюлган милдеттерди чечүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды жыйноо, талдоо, алынган тапшырма боюнча маалыматтарды издөөнү ишке ашырууну;<br>-коюлган милдеттерге ылайык экономикалык маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн инструменталдык каражаттарды тандоону ишке ашыруу, алынган жыйынтыктарды далилдөөнү жана эсептердин жыйынтыктарын талдоону;<br>-кырдаалды баяндоонун негизинде стандарттык, | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | теориялык жана эконометрикалык моделдерди түзүү, алынган жыйынтыктарды талдоо жана мазмундуу түшүндүрүп берүүнү, микро жана макро деңгээлдеги экономикалык процесстер менен кубулуштардын өнүгүшүн, экономикалык агенттердин байланышын стандарттык, теориялык жана эконометрикалык моделдердин негизинде алдын ала билүүнү;<br>-доклад, маалыматтык обзор, аналитикалык отчет, макала өндүү чыгып сүйлөөчү аналитикалык жана изилдөө иштеринин жыйынтыктарын сунуштоону;<br>-конкреттүү тапшырылган иштин этабын аткарууну уюштуру<br>-жумушчу топтун, чакан жамааттын ишин уюштурууну;<br>-нормативдик-укуктук, ресурстук, административдик жана башка чектелүүлөрдү эсепке алуу менен экономика жана бизнес чөйрөсүндөгү долбоорлорду иштеп чыгууну;<br>**айта билүү:**<br>-экономикалык изилдөөнүн методологиясын;<br>-экономикалык жана социлдык маалыматтарды жыйноо, иштеп чыгуу жана талдоонун заманбап ыкмаларын;<br>-эконометрикалык моделдерди түзүүнүн заманбап ыкмасын;<br>-стандарттык, теориялык жана эконометрикалык моделдердин жардамы | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен экономикалык кубулуш жана процесстердин талдоонун ыкмаларын жана жолдорун;<br>-микро жана макро деңгээлиндеги экономикалык процесстер менен кубулуштарды мүнөздөөчү социалдык-экономиалык көрсөткүчтөрдү эсептөөнүн жана талоонун азыркы учурдагы методикасын;<br>-өз алдынча иштөө, өзүн-өзү уюштуруу жана тапшырылган ишти уюштуруу чеберчилигин;<br>-авария, кыйроо, жаратылыш кырсыктарынын натыйжасына кабыл болгон өндүрүш персоналын жана калкты коргоонун негизги ыкмаларын | | | |
| | Вариативдүү бөлүк (билим, чеберчилик, жөндөмдүүлүк ЖОЖдун НБПсы аркылуу аныкталат) | 73 | | |
| **Б.4.** | **Дене тарбия** | **400** | | |
| **Б.5.** | **Окуу жана өндүрүштүк практика (практикалык чеберчилик жана жөндөмдүүлүгү ЖОЖдун НБПсы аркылуу аныкталат)** | **12** | | |
| **Б.6** | **Жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестация (***)** | **10** | | |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек көлөмү.** | **240** | | |

*) 1. НБП ТМге киргизилген айрым сабактардын эмгек көлөмү 10 кредитке чейинки (зачеттук бирдик) аралыкта берилет.
2. НБП ТМнин Б.1, Б.2, Б.3 базалык түзүмүнүн суммалык эмгек көлөмү НБП ТМинде көрсөтүлгөн жалпы эмгек көлөмүнөн 50% пайыз кем эмес көлөмдү түзүш керек.
**) ТМ Б.2 аталышы даярдоо багытына кирген билим берүү тармагынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.
***) Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бакалаврдык бүтүрүү квалификациялык ишти коргоону ичине камтыйт.

**Б.3. Бакалаврды даярдоонун НБПсын ишке ашыруу шартындагы талаптар.**
**Б.3.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоо.**

Бакалаврды даярдоонун НБПсын ишке ашырууда эреже катары берген сабактарына адистиги шайкеш келген базалык жогорку билими бар жана системалык түрдө илимий, илимий-методикалык ишмердик менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз болуу керек.

Кесиптик мерчемдеги сабак берген окутуучулар эреже катары кандидаттык, докторлук илимий даражасы бар же профессионалдык чөйрөдө шайкеш келген ишмердикте тажрыйбасы бар окутуучулар болуш керек.

Кандидаттык же докторлук илимий даражасы бар окутуучулардын үлүшү НБПнын билим берүү кырдаалын камсыз кылган жалпы окутуучулардын 35 пайызынан кем болбош керек.

Окутуучулардын жалпы санынын 10 пайызына чейинки илимий даражасы же наамы барлардын сабактарын ошол багыт боюнча практикалык иште тажрыйбасы бар окутуучулар, кызматта турган жетекчилер же 10 жылдан ашык стажы бар жетектөөчү адистер өтүүгө мүмкүнчүлүгү болот.

**Б.3.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздуулугу.**

Бакалаврларды даярдоонун НБПсын ишке ашырууда ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын тизмесиндеги сабактарды толугу менен чагылдырган китепканалык фондго кирүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз болушу зарыл. ЖОЖдун билим берүү программасына лабораториялык практикумдар жана практикалык сабактар камтылышы керек. (түзүлгөн компетенциясын эсепке алуу менен аныкталат).

Негизги билим берүү программасы баардык окуу курстары боюнча окуу-усулдук кагаздары жана материалдары, негизги билим берүү программасынын сабактары (модулдары) менен камсыз болушу зарыл. Окуу сабактарынын (курстары, модулдары) ар биринин мазмуну интернет түйүнүндө же билим берүү мекемелеринин локалдык түйүнүндө чагылдырылышы керек.

Окугандардын аудиториядан сырткары иши методикалык камсыздуулук жана аны аткарууга кеткен убакыт далилдүүлүк менен коштолушу керек.

Негизги билим берүү программасын ишке ашырууда ар бир окугандар маалыматтар базасына жана билим берүү программасынын тизмесиндеги сабактарды (модулдарды) толугу менен чагылдырган китепканалык фондго кирүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз болушу керек.Студент өз алдынча даярдануу мезгилинде Интернет түйүнү менен камсыз болушу керек.

Негизги билим берүү программасы боюнча ар бир окуган студент бир окуу китеби, бир окуу-усулдук колдонмо басма сабагы менен же билим берүү программасына кирген кесиптик мерчем боюнча электрондук басылма (мезгилдүү басылмалардын электрондук базасын коштоосу менен камсыз болушу керек.

Китепканалык фонд бардык мерчемдердин базалык сабактары боюнча негизги окуу адабияттарынын акыркы 10 жылда басылган басма же электрондук басылмалар менен жабдылышы керек жана андай басылмалар ар бир 100 студентке 25 нускадан кем болбош керек. (гуманитардык, социалдык жана экономикалык тармактагы базалык бөлүктөр үчүн 5 жылдан кем эмес). Окуу адабияттары менен бирге кошумча адабияттар фонду маалымдама- библиографиялык жана мезгилдүү басылмалар менен ар бир 100 студентке 1-2 нускадан туура келиш керек.

Ар бир окуган студент жабдылган китепкана фондунан 10 аталыштагы ата мекендик жана 3 аталыштагы чет элдик журналдар менен камсыз болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуш керек.

**Б.3.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздуулугу.**

Бакалаврларды даярдоодо НБПсын ишке ашырууда ЖОЖдун материалдык техникалык базасы болушу керек. Лабароториялык сабактардын жана сабактар аралык даярдоонун бардык түрлөрүнүн өтүлүшү, ЖОЖдун окуу планында каралган студенттердин илимий-изилдөөчүлүк иштерин камсыз кылыш керек жана санитардык, өрткө каршы эрежелери менен нормалары учурда шайкеш болуусу керек.

Бакалаврдык программаны ишке ашыруу үчүн минималдуу зарылчылыктар болуп эсептелген материалдык-техникалык камсыздуулуктун ичине атайын жабдуулар менен жабдылган кабинеттер жана дарсканалардын болуусу зарыл. Аларга: компьютердик класстар, лингафондук кабинеттер, мультимедиялык каражаттар менен окутулуучу жабдуулары бар дарсканалар кирет.

Электрондук басылмаларды колдонууда ЖОЖ, өз алдынча иштөө нугунда ар бир студентти окуп жаткан сабактын көлөмүнө туура келген Интернет түйүнү бар компьютердик класстан орун менен камсыз кылышы керек.

Бир жолу киргенде 50 колдонуучудан кем эмес студенттин Интернет түйүнүнө кирүү мүмкүнчүлүгүн ЖОЖ кымсыз кылууга милдеттүү.

ЖОЖ зарыл болгон лицензиясы бар камсыздоо программасы, комплектиси менен жабдыш керек.

**Б.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын баалоо.**

Жогорку окуу жайы даярдоонун сапатына кепилдик берүү менен төмөнкү жолдорду камсыз кылууга милдеттүү:

- жумуш берүүчү өкүлдөрдү тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиясын иштеп чыгууга;
- билим берүү программасынын мониторингин мезгилдүү рецензиялоого;
- окугандардын билимин жана жөндөмдүүлүгүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын калыс баалоо процедурасын иштеп чыгууга;
- окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн камсыз кылууга;
- баалоо ишмердүүлүгүн макулдашылган критериялар боюнча дайыма өзүн-өзү текшерүүнү өткөрүп турууга жана жумуш берүүчү өкүлдөрдү тартуунун негизинде башка билим берүүчү мекемелер менен салыштырууга;
- өзүнүн ишмердүүлүгү, планы, жаңычылдык жыйынтыктары тууралуу коомчулукка маалымат берүүгө;

Негизги билим берүү программасын өздөштүрүү сапатын баалоо, студенттин жетишкендигин кезектеги текшерүү, аралык аттестация жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу, мамлекеттик аттестациясын камтышы керек.

Ар бир сабак боюнча билимдин кезектеги жана аралык текшерүүнүн конкретүү формасы жана процедурасы ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуй баштаган студенттерге бир айдын ичинде маалымат берилет.

Окугандарды аттестациялоо үчүн алардын персоналдык жетишкендигине ылайык НБПсына туура келген мезгилге бөлүнгөн талаптар боюнча (жетишкендигин жана аралык аттестациясын кезектеги текшерүү, билимде жетишкендикти, жөндөмдүүлүктү, алган компетенциялардын деңгээлин баалоочу, типтүү тапшырмалар, текшерүү иштери, тесттер жана текшерүүнүн ыкмаларын ичине камтуучу баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт.

Баалоочу каражаттар фонду ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Окугандардын жетишкендиктерин кезектеги текшерүү жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүк шартын максималдуулук үчүн аралык аттестация программасына ЖОЖ тарабынан шарттар түзүлүшү керек. Ал шарттарга конкреттүү илим тармактары боюнча окутуучулар, сырткы эксперт катары жумуш берүүчүлөр, окшош илимдер боюнча сабак берген окутуучулар ж.б.у.с. жигердүү тартылышы керек.

Окугандарга толугу менен окуу процессин уюштуруу жана сапатын ошондой эле окутуучулардын иштеринин мазмунун баалоо мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

ЖПБнүн МСтынын бөлүгү бакалавриаттын негизги билим берүү программасын өздөштүрүү жыйынтыгына болгон талаптарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы тууралуу азыркы Жобонун негизинде бүтүрүү квалификациялык (бакалаврдык) ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына болгон талап, жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

*** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Окуу-усулдук бирикмеси сунуштаган профилдердин жана дисциплиналардын тизмесин ЖОЖдун адистигине жараша, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин окуу -усулдук бирикмеси тарабынан каралат жана бекитилет.**

**Түзүүчүлөр:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Токсобаева Бактыгуль Асановна | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Үзгүлтүксүз ачык билим берүү иниститунун директору, экономика илимдердин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын билим берүүдө эмгек сиңирген кызматкери. |
| 2. | Чолбаева Сагын Жумабековна | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун "Каржы жана насыя"кафедрасынын башчысы, э.и.к., профессор |
| 3. | Ногойбаева Эльвира Кубанычбековна | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун "Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит" кафедрасынын башчысы, э.и.к., доцент |
| 4. | Артыкбаева Гүлмира Шайкыдинова | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун"Экономикалык теория жана дүйнөлүк экономика" кафедрасынын башчысы, э.и.к.,доцент |
| 5. | Макенбаева Рита Бектуровна | "Акчанын жүгүртүлүшү жана банктык иш" кафедрасынын башчысы, э.и.к, доцент |
| 6. | Жапаров Турдубек Турдалиевич | Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Экономика жана каржы" институнун профессору, э.и.к. |
| 7. | Кадыралиев Сыргак Капарович | БААУнун "Математика, экономика, каржы" кафедрасынын доценти, ф.м.и.к. |
| 8. | Алимбаева Шахадат Бакировна | Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бухгалтердик эсеп жана аудит" кафедрасынын профессору, э.и.к,. |
| 9. | Савин Виктор Евгеньевич | К.Карасаев атындагы БГУ "Экономика жана каржы" факультетинин деканы, э.и.д, профессор |
| 10. | Омуралиева Дамира Кемеловна | С.Нааматов атындагы НМУнун ректору, э.и.д., профессор |
| 11. | Токторов Кубанычбек Кадырмаматович | ОшМУ нун өндүрүштүк практика борборунун башчысы, э.и.к., доцент |
| 12. | Карыбаева Чолпон Сакешовна | К.Тыныстанов атындагы ЫМУнин "Каржы жана салык салуу" кафедрасынын башчысы, э.и.к., доцент |
| 13. | Харун Доган | Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин |

| | | |
|---|---|---|
| | | доктору, доценттин м.а. |
| 14. | Кожошев Арзыбек Орозбекович | КРнын Каржы министрлиги. Министрдин орун басары, э.и.к. |
| 15. | Карымшаков Камалбек. | Кыргыз - Түрк "Манас" университетинин *PhD* доктору |
| 16. | Нарынбаев Турдубек Касымович | КТА КМУнун "Экономика жана менеджмент" факультетинин деканы, э.и.к., профессор |
| 17. | Леднева Нина Евгеньовна | "Кыргызаудиттин" башкы директору |

Которгон: М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун "Мамлекеттик жана расмий тилдер"кафедрасынын
башчысы, п.и.к., доцент Жапаралиева Н.Ж.